КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

“КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**18-март 2026-жыл № 1** **Совет айылы**

**Коомчулуктардын демилгелери боюнча улуттук долбоорунун алкагында чакан долбоорлорду Коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттигине сунуштоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Коомчулуктардын демилгелери боюнча улуттук долбоорунун алкагында айыл аймагында социалдык жана экономикалык инфраструктураны өнүктүрүүгө багытталган чакан долбоорлорду ишке ашыруу максатында, Кеңеш айыл өкмөтүнүн сунушун карап чыгып, Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз II-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл аймагынын курамына кирген айылдарда Жумушчу топ тарабынан өткөрүлгөн фокус топтук талкуулоонун жана айылдарда онлайн аркылуу талкуулоо жана добуш берүүнүн жыйынтыгында аныкталган көйгөйлөр жана сунуштар талкууланып жумушчу топтун протоколундагы тизме боюнча айыл аймактын Социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын тийиштүү бөлүмдөрүнө тиркемеге ылайык толуктоолор киргизилсин.

2. Коомдоштуктардын демилгелери боюнча улуттук долбоорунун (НПИС) алкагында каржылоо үчүн Социалдык экономикалык өнүгүү программасынын иш-аракеттер планына ылайык төмөнкү чакан долбоор сунушталсын:

- Социалдык инфраструктуралык чакан долбоорлордун аталышы:
    - Аук айылына сугат сууга 2 (эки) насос орнотуу;
    - Шыдыр айылына сугат сууга скважина куруу;
    - Сеитказы айылына 1-Май айылынын Боз участкасынан таза суу алып баруу;
    - № 14 мектептин жылытуу системасын жаңыртуу;
    - МТСке таштандыларды ташып чыгарууга техника сатып алуу.

-Экономикалык багыттын аталышы: Каба айылында мөмө жемишти кайра иштетүү боюнча чакан цех куруу.

3. Айыл өкмөтүнө төмөнкүлөр милдеттендирилсин:

3.1. Социалдык инфраструктуралык чакан долбоор боюнча зарыл болгон документтердин топтому даярдалып, АРИСке жөнөтүлсүн.
3.2. Долбоор тарабынан бөлүнө турган акча каражаты жетпей калган учурда, жергиликтүү бюджеттен кош каржылоо камсыз кылынсын.
3.4. Экономикалык багыт боюнча Коомдоштуктардын демилгелери боюнча улуттук долбоордун конкурсуна тийиштүү документтер даярдалып тапшырылсын.

4. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

5. Токтомду көзөмөлдөө жагы Бюджет, экономика, ички жана сырткы инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.О.Оморов**